## С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине 25 жыл




# Бийикте жанган билим шамы

***Жыйырма беш жыл- чейрек кылым... Тарых үчүн көз ирмемдей сезилгени менен бул мезгил- адам өмүрүнүн бүтүндөй жаштык доору, басып өткөн эмгек жолу. Жакында бийик тоолуу Нарын облусунун ордо калаасында жайгашкан Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин 25 жылдык маарекеси белгиленди.***

Маанилүү маарекеге Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлардын ректорлору, окумуштуу илимпоздор, өнөктөш уюмдардын жана мекемелердин жетекчилери, Нарын шаарындагы колледждердин, ЖМКлардын жана бийликтин өкүлдөрү, ошондой эле мурдагы ректорлор менен мурдагы бүтүрүүчүлөр да чакырылган.

Б[illegible] ыдан мурда бийик тоолуу облусубуздагы калкыбызга бийиктен билим шамынын нурун чача, жаркыраган жогорку окуу жайыбызга ысымы 2009-жылы ыйгарылган кыргыз элинин улуу инсаны- Сатыбалды Нааматовдун чебереси Оңолкан Алматаевна Уманкулованын 25 жылдык маа-




башка бардык функциялар ишке ашырылат, колбаса жасалат. Ал-

Мурдагы ректор Салидин Калдыбаев да төмөнкүлөрдү белгиледи:

-Мен Нарын университетинен өсүп-өнүгүп, ушул даражага жеттим. Илимдин докторлугун жактадым. Учурда Ала Тоо эл аралык университетинде эмгектенем. 8 жогорку окуу жай менен билим берүү жана илим маселелери боюнча кызматташтык келишимге кол койдук. Анын ичинде Нарын университети да бар. Студенттерди кай бир мөөнөткө алмашып окутууну практикалоо жагы чечилди. Биздин окуу жайда илимий журнал чыгат. Ага НМУнун окутуучуларынын макалаларын төлөөнү уюштурууга аракет кылабыз.

С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ректору, айыл чарба илимдеринин кандидаты, доцент, профессордун милдетин аткаруучу Эрмек Байбагышовдун илимий конференцияда сүйлөгөн сөзүндө төмөнкү маалыматтар белгилүү болду:

-Жогорку окуу жайдын окутуучулук курамы 142 болсо, элүү экиси илимдин кандидаттары менен докторлору. Нарын агрардык-экономикалык колледжи менен К.Мамбетакунов атындагы педагогикалык колледжди кошкондо бардыгы 260 кызматкер



Уманкулованын 25 жылдык маарекеге келип, Сатыбалды Нааматов атындагы музейдин ачылыш аземине катышуусу да зор тарыхый окуя экендигин баса белгилөөгө тийишпиз.

Чейрек кылымдык маарекенин башаты дал ушул бийиктеги билим шамынын Ак-Коргон чөлкөмүндөгү окуу имаратынын бириндеги Сатыбалды Нааматов атындагы музейдин ачылыш аземи болду. Тарыхый жай менен менен таанышышкан меймандар кофе үстүндө баарлашып, эстелик үчүн сүрөткө түшүштү.

Андан соң маараке меймандары НМУнун агротехникалык факультетинин студенттеринин практикалык өндүрүштүк иштери үчүн арналып, жаңы курула турган эт азыктарын кайра иштетүүчү цехтин жерпайына капсула салуу расмисине катышышты. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Нурлан Оморов курулуштун капсуласын салып, иш башталды. Курулуш ушул жылдын аягына чейин бүткөрүлөөрүнө кепилдик бар экендигине НМУнун ректору Э. Байбагышов меймандарды ынандырды.

-Бул жерде мал союу жараяны гана жүргүзүлбөйт. Эт азыктарын кайра иштетүүгө байланышкан бетте, бул чоң өндүрүштүк багытта эмес, студенттерге окуу- өндүрүштүк практикалык база катары гана болот,- деп жооп узатты суроогбузга НМУнун агротехникалык факультетинин деканы Эгемберди Молдалиев.

Меймандар агротехникалык факультеттин алдындагы сүттү кайра иштетүүчү жана сүт азыктарын чыгаруучу (маселен, балмуздак) мини цехти көрүп чыгышты. Бул дагы студенттердин практикалык такшалуулары үчүн гана пайдаланылат.

Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин 25 жылдыгына арналган илимий конференция Муратбек Рыскулов атындагы Нарын облустук музыкалуу академиялык драма театрында өттү. Илимий конференцияны Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Элмира Садыкова НМУнун 25 жылдык мааракеси менен куттуктап, кыскача сөз сүйлөө менен ачты.


-Бул жогорку окуу жайда магистратура, аспирантура жана эл аралык байланыштар бөлүмдөрү да ачылгандыгы ынтызар жаштар үчүн өз жеринен талапка ылайык билим-илим алууга кеңири мүмкүнчүлүк түздү,- деген ал



НМУнун өсүп-өнүгүшүнө аны жетектеген мурдагы ректорлордун салымы да зор экендигин баса белгиледи.

"Сөз чынынан бузулбайт" эмеспи. Бийиктен жанган билим шамынын ушул даражага жетишине өзгөчө салым кошуп, жер пайын түптөгөн тарых илимдеринин кандидаты НМУнун биринчи ректору Жанат Жаманкуловдун эмгеги чоң экенин билим очогунун эмгек жамааты кубануу менен айтып жүрүшөт. Ал өзү да сыймыктануу сезимин билдире кетти:

-Нарын мамлекеттик университети 1996-жылы 22-майда Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен ачылган. Ошондо мен Билим берүү жана илим министринин орун басары элем. Өз каалоом менен алыскы тоолуу облустагы университетке жаңы ректор болуп келгенимде мөөрдөн башка эч нерсе жок эле. Жергиликтүү бийликтин, бул жердеги атайын орто окуу жайларынын, Бишкектеги жогорку окуу жайлардын моралдык жана материалдык колдоолору менен стол, стул алып, илимий даражасы бар окутуучуларды борбор жактан чакырып, 9 илимдин кандидатын топтоп келүүгө жетиштик. Эми аларды турак-үй менен камсыздоо көйгөй туудурду. "Шаарча" чөлкөмүндөгү 36 батирлүү үйдү аларга алып берүүгө көп аракет жумшалып, акыры ал маселе да чечилип, өзүм да ага кирдим. Адеп студенттердин саны 218 эле, кийинки жылдары көбөйдү.






ры бекер жарыяланып турмакчы.

Учурда Бишкектеги башкаруу академиясында ректор болуп иштеп жаткан, НМУнун мурдагы ректору Алмазбек Акматалиев мааракe менен куттуктап, буларды кошумчалады:

-Чынында биз иштеген маалда НМУ бутуна туруп калган. Ырасында эле Жанат Медетович көп иш жасаган. Ректор болуп иштеп кеткен Дамира Өмүралиева карындашыбыз да кыйла жумуштарды аткарганын моюнга алууга тийишпиз. 11 жылда көп эле иш жасагандай болдук, бирок, ката кетирип алган чактарыбыз да кездешти. Учурдагы ректор Э. Байбагышовго ийгиликтерди каалайм. Студенттер Нарын университетинде окугандыгына сыймыктангыдай даражага жетишүүлөрүнө тилектешмин.

2009-жылы ысымы НМУга ыйгарылган Сатыбалды Нааматовдун чөбөрөсү Оңолкан Уманкулова илимий конференцияда буларга токтолду:

-Чейрек кылымга чейинки жетишкендиктер- командалык иштердин үзүрү. Жаңы, эркин көз караштагы жаштарды тарбиялоого, билим берүүгө кылган далалатыңыздар көрүнүп турат. Университет менен тагдырын кошкон окутуучуларга ыраазылык билдирем. Чоң атабыздын музейин уюштурганыңыздарга дагы бир ирет таазим! Чындыгында тарыхты унутууга акыбыз жок. Колдон келген колдоолорду жасап, муктаж студенттерге С.Нааматов атындагы стипендия

1000 студент окуса, 2434ү дистанттык форматта билим алышат. Буга чейин НМУ 12 минден ашуун студентти бүтүрүп, адистикке даярдап чыгарса, алардын басымдуу бөлүгү билим берүүдө, бала бакчаларда, калганы банктарда, Куралдуу Күчтөрдө, эл чарбасынын башка тармактарында эмгектенишет.

Чакырылган меймандар Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин окутуучулар жана студенттер жамаатын 25 жылдык маарекеси менен куттукташып, белектерин, сыйлыктарын беришти. Булардын ичинде Нарын шаардык мэриясы, шаардык Кеңеш, облустук кесиптик бирликтер федерациясынын Кеңеши, облустук билим берүү борбору, БАУнун, Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын бардыгынын ректорлору, алардын өкүлдөрү, мурдагы бүтүрүүчүлөр бар.

Жыйынтыктоо сөзүн сүйлөгөн НМУнун ректору Э.Байбагышов эмгек алдыңкыларын С.Нааматов атындагы медаль менен сыйлады. Ал маарекеге келген меймандарга да ыраазычылыгын ыроолоп, белектерди тапшырды.

Иш-чарада бир катар окутуучулар сыйлык ээлери болушту. Философия илимдеринин кандидаты, НМУнун окутуучусу Сыдык Иманалиевдин Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы, НМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы Майрам Акматалиеванын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйлангандарын белгилөөгө татыктуу.

Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин чейрек кылымдык маарекесинин урматына Муратбек Рыскулов атындагы Нарын облустук музыкалуу драма театрынын артисттери жана Нарын шаарындагы өнөрпоздор тарабынан концерттик программа тартууланды.

**Кубанычбек ЖУМАБАЕВ.**